Банк Азии

# «Азия банкы» ЖАК алыш-бериш эсебин ачуу үчүн керектүү документтердин тизмеги

**Физикалык жактар үчүн (резиденттерге жана резидент эместерге)**

1. Жазуу жүзүндө кардар тарабынан кол коюлган эсеп ачуу үчүн өтүнмө же электрондук кол аркылуу кол коюлган электрондук документ түрүндөгү өтүнмө.
2. Кардардын өздүгүн күбөлөндүргөн документ (көчүрмөсү алынган оригинал менен таанышуу үчүн берилет);

Физикалык жактын өздүгүн күбөлөндүрүү үчүн төмөнкү документтер кабыл алынат:

1) Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн:
- Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдагы (ID карта) паспорту;
- Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорту (чет өлкөлүк паспорт), Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин башкы паспортунда консулдук каттоого же туруктуу жашоого катталгандыгы жана чыгып келген мамлекеттин туруктуу жашандыгынын аныктыгына уруксаты, ошондой эле үй-бүлөлүк абалы жөнүндө белгиси болсо;
- Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (14 жашка чейинки жашы жете электердин пайдасына эсеп ачуу үчүн, ошондой эле 14 жаштан 16 жашка чейин жашы жете электердин өзүнө эсеп ачуу үчүн);
- Офицердин, прапорщиктин күбөлүгү же мөөнөттүү аскер кызматынын аскер кызматчыларынын аскердик билети;
- Айдоочулук күбөлүк (кардардын банктык эсебин үчүнчү жактар тарабынан толтурууда гана, ошондой эле банкта эсеби бар кардарлардын өздөрү тарабынан);

2) Чет өлкөлүк жарандар үчүн:
- Чет өлкөлүк жарандын паспорту;
- Кыргыз Республикасында жашай туруу укугу;

3) Качкындар үчүн:
- Качкынды таануу жөнүндө өтүнмөнү каттоо тууралуу күбөлүк;
- Качкындун күбөлүгүгү.

4) Кардарлар үчүн – кардардын күбөлүгү.

3. Эгер кардар жашы жете электин пайдасына эсеп ачса (ата-эне, башка мыйзамдуу өкүл же үчүнчү жак), анда ал пайдасына эсеп ачылган жак жөнүндө маалыматтарды камтыган арыз берүүгө милдеттүү; эсеп ачып жаткан жак жөнүндө маалымдар (ата-эненин, мыйзамдуу өкүлдүн же үчүнчү жактын өздүгүн күбөлөндүргөн документ); жашы жете электин өздүгүн күбөлөндүргөн документ (туулгандыгы жөнүндө күбөлүк же паспорт); эсепте жаткан акча каражатын тескөө укугу бар жактардын колу.

**Жеке ишкер үчүн**

1. Кардардын өздүгүн күбөлөндүргөн документ (көчүрмөсү алынган оригинал менен таанышуу үчүн берилет);
2. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген бекитилген формадагы жана жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгүн (кайра каттоодон өткөн) (күбөлүк) иш жүзүндө ырастаган документтин көчүрмөсү же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик каттосу жок (патенти) ишкердик менен алектенгендигин ырастаган документтин көчүрмөсү; жеке ишкердин электрондук патенти бар болсо банктын кызматкери жазуу жүзүндө электрондук патенттин же тиешелүү программалык камсыздоосу бар мобилдик же башка түзүлмө аркылуу элекетрондук патентке түшүрүлгөн QR-кодду сканерлөө жолу менен электрондук документ формасынын аныктыгын текшериши керек же Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын маалыматтык системасы аркылуу патенттин дайындарын текшерүү керек

Эскертүү: QR-код – матрицалык код (эки өлчөмдүү штрих код), ал мобилдик түзүлмөлөр аркылуу аныктоо үчүн атайын түзүлгөн патент жөнүндө маалыматты камтыйт.

3. Жеке ишкердин колунун жана мөөрүнүн белгисинин үлгүсү бар карта (эгер бар болсо)
4. Дыйкан (фермердик) чарбачылыктар жеди пайдалануу укугун күбөлөндүргөн документти же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык мал чарбасы жөнүндө документти банкка бериши керек;

**Юридикалык жактар үчүн (резиденттер жана резидент эместер үчүн)**

1. Кыргыз Республикасынын бекитилген мыйзамдарынын талаптарына ылайык мамлекеттик бюджеттен каржыланган мамлекеттик органдар, ишканалар жана мекемелер үчүн банкка эсеп ачууга Кыргыз Республикасынын борбордук казынасынын уруксаты;

2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк. Эркин экономикалык аймакта (ЭЭА) катталган юридикалык жактар үчүн мындай документ болуп ЭЭА Дирекциясы тарабынан берилген Каттоо жөнүндө күбөлүк саналат. Резидент эместер үчүн: юридикалык жак катары фирманы каттоо жөнүндө келип чыккан өлкөнүн соода реестринен көчүрмө бөлүк документи же келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык юридикалык жак катары кардарды каттаганын ырастаган башка документ;

3. Уюмдун уюштуруучулук-укуктук формасына жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу менен күбөлөндүрүлгөн уюмдаштыруучу документтердин көчүрмөлөрү:

4. Келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык милдеттүү тастыктамаланган юридикалык жактын ишмердигин жүзөгө ашырган учурларда – тастыктаманын көрсөтүлгөн тартиптеги күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү. Эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен эсепти ачкандан кийин тастыктаманы берүү каралган болсо, тастыктаманын көчүрмөсү аны алгандан кийин берилет;

5. Салык төлөөчүнү иш жүзүндөгү салыктык каттоо жөнүндө салык кызматынын органынын маалым каты;

6. ЭЭА катталган юридикалык жактарга Кыргыз Республикасынын статистика органдарында юридикалык жактын катталгандыгын ырастаган кошумча документти берүү керек;

7. Нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн колунун жана мөөрүнүн үлгүсү бар карта (бул документке карата берилген минималдуу талаптар 6-тиркемеде келтирилген); картада көрсөтүлгөн жактардын эсептеги акча каражатын тескөөгө ыйгарым укуктарын ырастоочу документтер;

8. Юридикалык жактын каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу жактын өздүгүн күбөлөндүргөн документ (көчүрмө алынган оригиналды тааныштыруу үчүн берилет);

**Банктык эсепти ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын экономикалык ишмердигин жүзөгө ашыруучу юридикалык жактардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү (резиденттер жана резидент эместер) жогоруда көрсөтүлгөн документтерден тышкары кошумча төмөнкүлөрдү берүү керек:**

**a.** нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же эгер келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык күбөлөндүрүү мүмкүн болбогон учурда башкы уюмдун уюмдаштыруучу документтеринин өзгөртүүлөрү жана толуктоолору, юридикалык жактын мөөрү жана жетекчинин колу бар документтин көчүрмөлөрү;

**b.** Бөлүнүш өз ишмердигин жүзөгө ашыруунун негизинде өзгөртүүлөрү жана толуктоолору бар документтин көчүрмөсү (мисалы, Филиал жөнүндө жобо ж.б.), нотариалдык жактан же филиалдын/өкүлчүлүктүн мөөрү жана жетекчигин колу менен күбөлөндүрүлгөн, эгер келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык күбөлөндүрүү мүмкүн болбосо;

**c.** Операциялардын тизмеги жана бул операцияларды жүргүзүүгө юридикалык

жактын расмий макулдугу менен, эгер бул түзүмдүк бөлүнүш жөнүндө жободо жана/же түзүмдүк бөлүнүштүн жетекчиси тарабынан берилген ишеним катта чагылдырылбаса.

Көрсөтүлгөн тартипте ратификацияланган эл аралык макулдашууларга ылайык өз ишмердигин жүзөгө ашырган эл аралык уюмдарга, алардын долбоорлоруна, дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөргө банктык эсеп ачуу үчүн жогоруда көрсөтүлгөн документтерден тышкары төмөнкү документтерди берүү керек, эгер эсепти ачуунун башка тартиби тиешелүү эл аралык макулдашууларда каралбаса:

**a.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарбынан ратификацияланган эл аралык келишим, мунун алкагында эл аралык уюм, анын долбоору, дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөр иштейт;

**b.** Эл аралык уюм же анын долбоору (эгер бар болсо) жөнүндө жобо;

**c.** Биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен келишимге жана финансылык документтерге кол коюуга ыйгарым укуктуу жакты ырастаган буйрук (контракт, тиешелүү жогору турган уюмдун каты);

**d.** Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлиги) эл аралык уюмдун (анын долбоорун) жана эл аралык уюмдун (анын долбоорунун) жетекчилеринин/башчыларынын аккредитациялоону ырастаган каты;

**e.** Резиденти болуп эл аралык уюм же анын долбоору саналган Кыргыз Республикасындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же тиешелүү өлкөнүн элчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн колдорунун үлгүлөрү бар карта.